

*К. Ахматов*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТОКОЙЛОРУНА САЯКАТ



*Кенжебай АХМАТОВ*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТОКОЙЛОРУНА САЯКАТ

***Илимий популярдуу аңгемелер***

***«Мектеп» басмасы***
***Фрунзе 1978***

634.9
А 95

**Ахматов К.**

**А 95** **Кыргызстандын токойлоруна саякат. Илимий-популярдуу аңгемелер. Ф., «Мектеп», 1978 ©**

**36 бет.**

Китепчеде жаратылышты коргоо маселелери жана жашыл бак-дарактардын адамдын ден соолугундагы ролу илимий-популярдуу формада баяндалып, кооз сүрөттөр менен көркөмдөлгөн.
Китепче жалпы эле табиятты сүйүүчүлөргө арналат.

634.9

А $\frac{76-089}{М452(17)-78}$ 158—78

© Издательство «Мектеп», 1978 г.

## *КИРИШ СӨЗ*

*Жаш достор, 1977-жыл табиятты сүйүүчүлөр үчүн айрыкча жыл болду. Бул жылы СССР Жогорку Советинин сессиясында токой маселеси атайын талкууланды. Совет мамлекетинин конституциясы кабыл алынып, анда жаратылышты коргоо жөнүндө закон бекитилди. Бул закондо токойду коргоо, көбөйтүү иши атайы белгиленди. Токойго мынча көңүл бурулуп жатканы бекеринен эмес. Себеби ал айлананы курчап турган тышкы чөйрөнүн эң кооз, адам үчүн пайдалуу бөлүгү.*

*Кыргызстанда токойлор жалпы жер аянтынын 3,5 процентин ээлеп турат. Бирок аз жерди ээлесе да, алардын эл чарбасында, ошондой эле жалпы табият үчүн мааниси зор. Дарактардын, бадалдардын адамдын турмушунда пайдасы көп кырдуу болсо да, ал жөнүндө жазылган китептер аз. Бул эмгектин максаты жаш жеткинчектерге Кыргызстандагы токойлор жөнүндө, жалпы эле табигый дарак, бадалдар тууралуу баяндама берүү, алардын көркөмдүк сапаты, адамдын ден соолугуна, ж. б. пайдалуу жактарына токтолуу.*

## КАРАГАЙ ЧЕРЛЕРДИ АРАЛАП

Кыргызстанда токойду түзүүчү жыгач жана бадалдардын түрү көп. Бирок алардын ичинен эң көрүнүктүүсү жана көркөмдүүсү карагайлар.


Эмесе, жаш достор, силер менен болгон саякатты айтылуу Ысык-Көл өрөөнүнөн баштасак. Биз бекеринен бул жерге токтолгон жокпуз. Карагай токойлорунун ээлеген аянтынын басымдуу көпчүлүгү көл багытында. Эгерде Кыргызстанда карагай ээлеген жерлер 104 миң гектар жерди ээлесе, анын 43,6 миң гектары (42 проценти) ушул өрөөндө кездешет. Карагайлар ушул атактуу жердин жашыл жабылгасы, көркөмү. Эмесе биз көп кечикпей жашыл токойлорго барууга шашалы. Албетте саякат тоо этегинен башталары шексиз. Биз Жети-Өгүз капчыгайындабыз. Түз-Суу, Бөйрөктүн токойлорун араладык. Айтылуу Жети-Өгүз курорту ээлеген жерге келип токтодук. Күн батыш тарапты карасаң кызыл жарлар көрүнөт. Түштүк тоо тарапта бетти жыш ээлеп жаткан чытырман токой. Токойго кире бергенде зор карагай дарактарына курчалабыз. Топ-топ болгон бадалдар, жашыл шибер чөптөр көңүлдү бурат. Жогорулай бастык. Токой ээлеген бет тик болуп бара жатат. Улам жаңы карагайлардын жыгачтары. Тоо бетиндеги карагайлар кандай көркөмдүү, кооз. Түз жерден муну көп байкайбыз.

Түзөңдөгү токойдо өскөн жыгачтар бири-бирине өтө эле окшош көрүнөт. Ал эми тоо бетиндеги карагайлар өзгөчө. Алардын ар бири өзүнүн чоңдугу, тышкы кебетеси, ээлеген жери менен айырмаланат. Сүрөтчү колу менен жасап койгондой болуп, бири-биринен обочолонуп, тегерете каптаган абага чөмүлүп эки жакка көз кырын салып жер менен сырдашып тургандай сезилет. Мындай коосдук акындарды бекеринен термелтпесе керек.

Мен жарданып тоого чыккан карагай,
Туралбаймын туш-туш жакты карабай.
Мен сырымдын баарын айтып бүткөнчө,
Жолдон калып кечигесиң бир далай.
Биз жаралып жер жүзүнө чыккандан,
Өмүрлүккө конушубуз ушул жай.

Бул ыр эл акыны Калыкка тиешелүү. Чынында эле акындардын ичинен жашыл даракка айрыкча суктанган, анын сырын билген залкар акын Калык болсо керек. Ал «Жыгачтар менен сырдашуу» деген атайы поэма да чыгарган. Мындан ары да ошол поэмадан үзүндүлөрдү келтиребиз.

Жүрүш уланып, кокту-колотторду кыдырып табияттын көркөмүнө суктандык. Бардык жерде токойдун негизин түзгөн карагайлар. Жашыл карагай бул жердеги дарактардын зору. Анын бийиктиги 40, жоондугу 2 метрге жетет. Көп учурда 500 жашка чыккан дарактарды кезиктирүүгө болот. Бизди алып бара жаткан жол, бийиктегенден бийиктей берди. Айлананы карасак кууш кокту бир аз жазылангансып, жайыкка айлана баштады, оң тарапта коюу өскөн токойлор да көрүндү. Бул атактуу Көк-Жайык.



*Карагайдын шагы*

Токойду аралап кире бергенде, дарактар мурда көргөн карагайлардан эмнегедир башкача сезилди. Бул карагайлар өтө жоон эмес, ичке, бийик, түз, бутагы аз. Кыйылган дүмүрлөрдү карап көрсөк сөңгөктүн жылдык шакектери куушураак келип, дарактардын жай, бир калыпта өскөндүгүн далилдейт. Ошентип түз бийик сөңгөктүү карагайлардын салкын жерде өсөөрүн баамдадык. Мындай дарактардан курулуш үчүн керектүү түз

устундар, бутаксыз тактайлар даярдалат. Тегерегин зоонун тик учтары курчаган ушундай жайыкта карагайлар мурдагыдан да көркөмдүү. Жогору карасаң жыгачта салаңдап турган тобурчактар атайы илип, коодоп койгон оюнчуктардай. Тобурчак бул карагайлардын уругу бышып жетиле турган органы. Уруктар кеч күздө бышып, кыш башталганда жерге түшөт, андан көчөттөр өнүп чыгат. Тобурчактардын түсүнө жараша карагайдын эки формасы кезигет. Бирөө көгүш, экинчиси жашыл тобурчактуу. Дайыма даракты каптап турган бутактары жер тийип турат, бул Тянь-Шань карагайларын башка карагайлардан айырмалап, кооз кылып көрсөтөт. Токой арасынан атайын форма кийинген токойчуга жолуктук. Ал токойдун сырын бизге мындайча баяндайт: табигый токойлор уруктардан өнүп чыгат, көчөттөр жаш кезинде өтө эле жай өрчүйт, дарактар, бадалдар тоо беттерин селдин, нөшөрдүн жууп кетишинен сактайт, кардын бир калыпта эрип, өзөндөгү суунун агымдарын калыпка салат, ал эми мунун чарбалык пайдасын өзүңөр билесиңер, өзгөчө зор эмеспи дейт. Токойчуга ырахмат айтып коштоштук. Биз көп жерлерди кыдырдык. Атактуу Ак-Суу, Алтын-Арашан, Түргөн, Кара-Кол, Байсоорун, Барскоон, Жаргылчак капчыгайларында, Чоң-Кемин өрөөнүндө болдук. Чүй боорундагы Ысык-Ата, Ала-Арча капчыгайларын аралап эс алдык, бул жердеги карагайлар бийик төргө жакын, салкын жерлерде бирин-серинден өсө тургандыгын көрдүк, өтө эле чоң аянттар байкалбайт.

Бийик тоолуу Нарын, Ат-Башы аймагын да араладык. Бул жердеги карагайлар мурда биз көргөн карагайлардан майда, кичирээк. Токойчулар бул жердин дарактарынын майда болгондугу жердин бийиктигинен, аба ырайынын ызгаардуулугунан, нымдын аздыгынан дейт.

Карагай токойлору карагайдан башка да нечен түрдүү дарактар, бадалдар, чөптөргө бай. Көп кезиккен дарактардын катарына четин кирет. Четиндер көбүнчө нымдуу беттерде, суунун жээктеринде учурайт. Жалбырактары көркөмдүү, күзүндө күн салкындаганда саргара баштап бара-бара токойду кызгылт түскө боёйт. Мөмөлөрү жайнап бышып көпкө чейин турат. Карагай токойлору ден соолукка жагымдуу. Жайында салкын, кышында мээлүүн, абасы таза. Бул токойлорло жайлашкан Жети-Өгүз, Ак-Суу сыяктуу курорттордо эс алуу түрдүү ооруларды тез айыктырууга аралжы.


## АК КАРАГАЙ

Биз Талас өрөөнүнө бет алдык. Жер кыдырып Беш-Таш капчыгайына келип токтодук. Беш-Таш илгертен бери өзүнүн бүркүттөр айланып учкан бийик зоолору, көркөм токойлору менен элге кеңири белгилүү.

Кокту-колотторду аралап жердин коздугуна суктандык. Токойлор чынында эле мактагандай. Көпчүлүгү карагайлар. То-

кой аралап бара жатабыз. Биздин көңүлдү карагайлардын арасында өтө эле көгөрүп турган бир дарак өзүнө бурду. Жакын келип карап көрсөк, бул дарактын ийнечелери кадимки карагайлардыкына караганда жашылыраак, өтө назик, жумшак, бир аз жазыраак сыяктуу көрүндү. Баса түшкөндө мындай дарактар көп кезигип жатты.

Биздин саякат уланып, түштүк тарапка өттүк. Келген жерибиз Сары-Челек. Көлдүн четинде жүрсөк, токойлордо баягы биз көргөн карагайдын жаңы түрү көп экен. Сураштыра келсек чатталдыктар бул даракты ак карагай, ал кадимки карагайды сары карагай дейбиз дешти. Биз өзүбүзгө керектүү гербарий жыйнап алып, кийин аны аныктап көрсөк, чынында эле бул жаңы дарактын түрү экен, орусча пихта деп аталаарын билдик. Бул дарактын ак карагай деп аталып калганынын себеби, анын кабыгынын агыш болгонуна байланыштуу. Сөңгөгү жумшак, устуну түз, бутагы азыраак келип, усталар узанаарга сары карагайга караганда өтө ыңгайлуу. Ошондуктан кийинки мезгилде ак карагайлар көп кыйылып аянты азайып кеткен. Муну биз саякат мезгилинде Афлатун, Балтыркан аймагындагы айрыкча Кетмен-Төбөнүн Чычкан капчыгайындагы Кызыл-Көл деген коктуда кыйылып жаткан дарактарды көргөндө дагы байкадык.



*Ак карагайдын шагы*


Бул өтө өкүнүчтүү. Ак карагайдын аянты ансыз деле аз эмеспи. Бар болгону 3 миң гектар аянтты ээлейт. Ошондуктан ушул баалуу даракты сактоо жана аны өстүрүп көбөйтүүнүн мааниси зор.

## АРЧАЛУУ ТОКОЙЛОР

Ошентип биз аз да болсо атактуу карагай токойлорун араладык. Эмки сапарыбызды кайсы токойлорго багыттасак. Карагай сымал жайы-кышы көгөрүп турган токойлордун бири арчалар эмеспи. Эмесе, биздин карагайдан алган элестерибиз эстен кете электе ушул арча токойлоруна жөнөйлү. Арча белгилүү дарактардан. Кыргызстандын бардык тоолорунда кездешет десек жаңылышпайбыз. Карагай токойлорун кыдырып

жүргөндө арчалар далай эле жолу кездешпеди беле. Эгер бирөө карагай токойлоруна тутумдаш, дарак түрүндө кездешсе, экинчилери бадал сымал, үчүнчүлөрү тоонун бетине жабышып чыкканы эсибизде.

Арчалардын маанисин, алыскы Алай, Түркстан тоолоруна барып ээлеген зор аянтын көргөндө сездик. Кургак, жылаңач тоо беттеринде арчадан башка эч нерсе жоктой сезилет. Ушундай жансыз жерге жашыл жабуу болгон арчаларга ыраазы болосуң. Айтылып жүргөн ыр эсиңе түшөт:



*Бадал арчанын шагы*

Касиеттүү жыгач дейбиз арчаны,
Бир биз эмес адамзат да мактады.
Куурабастан жашылданып жай кышы,
Өмүрүнчө өзүн көпкөк сактады.

Биз арчанын көп өскөн жерлерин Кыргыз-Ата, Шаймерден, Ала-Буканын аймагынан учураттык. Тоодо арчанын дарак сымал 3 түрү кездешет. Булар карагай арча, кара арча, өрүк арча деп аталат.

КАРАГАЙ АРЧА. Кеңири таралып түз болуп өсөт, аны көп учурда мырза арча деп да коюшат. Карагай арча өзүнүн аты айрып тургандай тышкы көрүнүшү карагай түспөл бийик келип, шактары ичкерээк, жайылып өсөт. Кыргызстандын бардык тоолорунан кезигет. Суукка да, кургакчылыкка да чыдамдуу келип, көбүнчө тоонун ортоңку алкагын ээлейт. Мөмөсүндө уруктардын саны 2—4 кө чейин.

КАРА АРЧА. Өзүнүн аты айтып тургандай алыстан тегерек тартып, дүпүйүп карарып көрүнөт. Ошол себептен кара арча деп атап коюшкан. Бутактары жоон, шагы коюу келет.

Сабактарын каптаган түрпүчөлөрү жазы· Мөмөсү чоң, анда 2—8 чейин урук болот. Суукка көп байырсыз келип, тоонун төмөнкү алкагында өсөт.

ӨРҮК АРЧА. Суукка чыдамдуу келип тоонун бийик, жогорку алкагын ээлейт, бою көп бийик эмес, жапалдаш келип, бутактуу. Сабагын каптаган түрпүчөлөрү жоон. Мөмөсү эткелдүү келип, анда бир гана чоң урук болот. Ошол себептен өрүк арча деп аталып калган.

Айтылган дарак арчалардан башка да бадал түрүндө кездешкен арчалар бар. Алардын катарына бадал арча, жапалак арча кирет. Арча өтө узак жашай турган өсүмдүк. 3 миң жашка чыккандары табылган. Арча токойлорунун адамдын ден соолугу үчүн пайдасын айтпай кетүүгө болбос. Арчанын ден соолукка аралжы болоорун кишилер илгертен бери эле байкашкан. Токойлордо көп болгондор сасык тумоодон тышкары болушкан. Муну байкагандар арчанын шактарын үйүнө алып келип, үйдү түтөтүп ыштап, «дезинфекциялап» тумоодон кутулушкан. Артыкча жаш балдардын бешиктерин, төшөнчүлөрүн ыштаган. Арчанын мындай касиети анын сөңгөктөрүндө да бар. Арчанын сөңгөктөрүнөн жасалган буюмдар чирибейт, нечен жылдар бою тура берет. Көрүстөндөрдөн нечен жыл мурда коюлган арча табыттарынын, андагы жаткан адамдардын чирибей сакталып турган сөөктөрү табылган. Мындай табыттардын бирин силер Фрунзе шаарында Кыргызстан тарых музейинен көрө аласыздар. Арчанын дарылык мааниси да көп кырдуу. Жыгачы курулушта пайдаланылат. Чегедеги өтө таптуу күйөт, отун катары колдонулат.

Тоо беттеринен арча өстүрүп жаткан майда тектирчелерди көрдүк.

Токойчулар көп убакытка чейин арчаны өстүрө албай жүрдүк деп баяндайт. Анын себеби уругун зыяндуу курт-кумурскалар жеп койгондугунда жана данеги катуу келип уруктун өнүп чыгуусуна жолтоо кылгандыгында. Азыр арчаны питомникте өстүрүүнүн жолу табылып, көчөттөр өстүрүлө баштады дешет.

Арча токойлорунун республика үчүн маанисин түшүндүрүү үчүн анын аянтынын 319 миң гектар экендигин, башкача айтканда СССРде өскөн арча токойлорунун 60 процентин түзгөндүгүн айтсак жетиштүү болоор.

## ЖАПАЙЫ ЖЕМИШ БАГЫ

Биз карагай, арча токойлорун аралап жүргөндө белгилүү жемиш токойлорунун чек арасын басып өткөнбүз. Бирок бул атактуу токойлорго убактылуу токтолгонубуз эсибизде. Азыр жапайы жемиш токойлорун атайын кыдырууга келип олтурабыз. Биз токтогон жер Арстанбап.

Кеч келдик. Саякатты эртең менен улантууну чечтик. Жол жүрүп өтө чарчагандыктанбы, аябай уктап калган экенбиз, таң

атып, күн чыгып калыптыр. Тышка чыксак, биздин көңүлүбүздү түндүк тарапта аппак аска чокулары биринен бирине уланып мелжип жаткан бийик тоо кыркалары бурду. Аңгыча ат минген, бизге жол көрсөтүп берүү үчүн Киров токой чарбасынан келген токой техниги көрүндү. Учурашып, бул силер карап турган зоолор Бабаш-Ата тоосу. Тамактангыла, силерге бул жерлерди жай көрсөтөм деди.

Биз тамактанып алып токойго саякатты баштадык. Дашмандын, Кызыл-Үңкүрдүн, Кара-Алманын, Өзгөн, Кара-Шоро, Ак-Теректин коктуларын араладык. Бул жерлерден кандай гана нерселерди көрбөдүк. Жаңгак, алма, алча, алмурут, чие, доломо, моюл, ит мурун ж. б. Андан көрө ар бирине өзүнчө ирээт берели.

## ЖАҢГАК

Жемиш токойлорунун алпы жаңгак дарактары. Жаңгак дарактарынын басымдуу көпчүлүгү Арстанбап, Көгарт жана Өзгөн аймагында кезигет. Жаңгак токойлорунун дүйнө боюнча эң ириси Кыргызстанда. Жалпы аянты 276 миң гектарга жетет.

Тажикстанда, Өзбекстанда, Түркмөнстанда, ошондой эле Кавказда жаңгактын аянты анчалык эмес. Токойду аралаганда дарактардын нечен түрлөрү жолугат. Азыркы кезде табигый токойлордон, бири-биринен мөмөсү менен айырмаланган жаңгактын 200 формасы табылган. Тоонун этегиндеги түзөң жерлеринде жаңгактар жайылып, жемиш багында өскөн дарактардай көрүнсө, бийик нымдуу беттерде сөңгөктөрү түз, бийик болуп, жалбырагы жогорку учуна топтолгон токой дарактарын элестетет. Жалбырактары жазы, өтө жашыл, жыттары буркурайт, кеч ачылат.

Кечирээк гүлдөп жана кеч чаңдашкандыктан кай бир жылдары жазгы сууктан үшүп кетип мөмө байлабай калат. 7—8 жылдан кийин түшүм бере баштайт. Эрте дан ала турган формалары да табылган. Алар 2—3 жылдан кийин мөмө байлай баштайт. Биринчи түшүмү аз өлчөмдө болуп бир килограммдан ашпайт. Түшүм бара-бара көбөйөт. 100—120 жылдык дарактардан 80—90 кг, кай бир учурда 200 кг га чейин түшүм жыйнап алынат. Түшүмдүн өлчөмүнө нымдын таасири өтө зор. Ным көбүрөөк болгон жерлерде мөмөлөр дандуу келип түшүм мол болот. Каксоо жерлерде мөмөлөрү майда. Түшүмдүн көбү орто жаштагы, жакшы өсүп турган дарактардан алынат.

Картайып, куурай баштагандары жарытып мөмө бербейт. Жаңгак нымды сүйгөн өсүмдүк. Ным жетиштүү жерде сөңгөктөрү бийик, көркөмдүү болуп өсүшөт. Таштуу келген кургак сайларда, беттерде жаңгактар бадал сымал бутактанып бийик көтөрүлө албайт. Тамыры чоң болуп өсүп, жаш кезинде топуракка терең кирүүгө умтулат. Таштуу жерге туш келсе тамыры

топурактын жогорку катмарында жайланышып, жердин терециндеги нымды ала албай начарлайт. Жаңгактын дагы бир өзгөчөлүгү анын жылуулукту көбүрөөк талап кылгандыгы. Ошол себептен ал түндүк токойлордо кездешпейт. Жаңгактын температура кескин өзгөрбөгөн мээлүүн жерлерде да өсүүгө жөндөмдүүлүгүн тажрыйбалар көрсөттү. Ысык-Көл өрөөнүндө эгилген дарактар кадимкидей түшүм берип жатат.

Адатта жаңгактар ийне жалбырактуу карагайлар менен бирге өспөйт. Бирок, Аркытта жаңгактын сары карагай, ак карагай менен аралашып өскөн укмуштуудай көркөмдүү, өтө калың өскөн токойун караңгы түн деген коктудан учуратууга болот. Бул жерден бир кезде акын Калык айтылуу ырчы Жеңи Жок менен жолуккан жана жердин өзгөчөлүгү жөнүндө: «Аркыттын суусунун күн батыш жагында эки чоң өзөн бар экен. Улуу карагай, арча, алмурут, бадам, мөмөлүү жана мөмөсүз аралаш чыккан дарактардын калыңдыгынан чак түштө аралаган кишилер бирин-бири караңгылыктан тааный алышпайт. Ошондуктан токойду «Караңгы түн» дешет экен» деп таң калуу менен баяндаган.

Токойлордо жаңгактын уруктары жерге түшүп, ошондон көчөттөр өнүп чыгат. Азыркы кезде дарактарды багуу, көбөйтүү, жаңы жерлерге тигүү токой чарбаларында жүргүзүлүүдө. Үрөн үчүн терилип алынган уруктар күзүндө же жазында себилет. Күзүндө сепкендери жазгыга караганда тез өнүп чыгып, жакшы өсөт. Жарыкты башка өсүмдүктөргө караганда көбүрөөк талап кылгандыктан, коюу себүүгө жарабайт. Баалуу формаларын, сортторун питомникте атайы даярдалган көчөттөрдү улоо жолу менен өстүрүшөт.

Жаңгак өмүрү узун өсүмдүк. Токойдон 500 жашка чыккан дарактар учурайт. Жакшы шартта өскөндөрүнүн бийиктиги 30, жоондугу 2 метрге жетет.


Жаңгактын данеги адамдын тамактануусу үчүн керектүү заттарга бай. Өсүмдүк майы өтө көп өлчөмдө. Органикалык заттардан: белок, углеводдор, витаминдер; органикалык эместерден: фосфор, кальций, темир заттары кездешет. Кыскасы жаңгактын данеги өтө жогорку калориялуу азык. 1 кг данеги 8.000—8.500 калорияга чейин энергия берет.

Кыргызстандын токойлорундагы жаңгактардын данегинин майлуулугу өтө жогору. Маселен биздеги жапайы токойлордогу өскөн жаңгактын данегиндеги май орто эсеп менен 70,8 процентке барабар болсо, Францияда эгилген жаңгактардын майлуулугу орточо 55,5 проценттен ашпайт.

Жаңгак өтө пайдалуу. Бул жагынан ага эч бир өсүмдүк жетпесе керек. Анын керекке жарабай калган эч бир бөлүгү жок. Данегинин пайдалуулугу тууралуу айттык. Жалбырактары жыттуу келип, андан ароматтуу заттарды жана С витаминин алууга болот. Кабыгы боёк катары колдонулат. Сөңгөгү өтө бышык, кооз келип баалуу мебелдерди жасоого жумшалат. Жаңгакты түрдүү ооруларды айыктыруу үчүн дары катарында да



*Арча токою*



*Бириндеп өскөн карагайлар*

колдонушат. Өтө баалуу өсүмдүк жаңгакты көбөйтүүгө көңүл бурулуп жаткандыгы бизди абдан кубандырды. Көп беттерде, түзөңдөрдө майда-майда тектирчелерде миңдеген көчөттөр өсүп турат. Кишилер отурукташкан жерлерди жашылдандырууда жаңгактын көбүрөөк колдонулуп жатканын да көрдүк.

## АЛМА

Жемиш токойлорунда жаңгактан кийинки экинчи орунду алмалар алат десек жаңылышпайбыз. Алма токойдун өтө көркөмдүү дарагы. Гүлдөгөн кезде токой өзүнчө бир гүл бакчага айланат. Гүлү агыш, мала түстө. Тоонун этегинде — эртерээк, бийик тескей беттерде кечирээк гүлдөйт. Жалбырагы сүйрү, жумуртка түспөлдөш, кээде тегерек формада болушат. Сыртынан түкчөлөр менен капталган. Эрте ачылган жалбырактары жашыл, кеч ачылгандары көбүнчө кызгылт түстө болот. Алма нымдуу, салкын жерде жакшы өсөт. Бийик мээлүүн беттерде жай өсүп 150—170 жылга чейин жашайт. Каксоо, күнөстүү жерлерде жапыс болуп өсүп, эрте куурайт. Токойлордо мөмөлөрүнөн жерге түшкөн уруктардан көчөттөр өнүп чыгып көбөйөт. Кургак, күнөстүү күнгөй беттерде жерге тийип калган шактары да, тамыр байлап кийин өзүнчө дарактарга айланат. Тамыры жерге өтө терең кирбейт. Нымдуу жерге жакшы өскөндүгү дагы ошол себептен. Токойлордо өзүнчө же жаңгак, ак чечек, алча, түрдүү бадалдар менен бирге өсөт. Жапайы токойлордо негизинен алманын 2 түрү таралган. Биринчиси кызыл алма, экинчиси кара алма. Кызыл алма бийик болуп өсөт. Кара алма жапысыраак болуп, кургакчылыкка чыдамдуу. Ал эми формаларычы. Күзүндө бышкан кезде токойдон кандай гана алмаларды көрбөйсүң!

Бардыгы болуп азыр кара алманын 100 гө, кызыл алманын 20 га жакын формалары жазылып алынды. Жакшы формаларына илимий кызматкерлер байкоо жүргүзүп турушат. Айтылып кеткен көп сандагы формалар табигый токойлордо кокустан болуучу кырсыктардан жоголуп кетиши ыктымал. Кийинки жылдарда Кыргыз илимдер академиясынын ботаника багына алманын негизги баалуу формалары жыйналып келип, атайы номер коюлуп белгилүү аянтта өстүрүлүп жатат. Жапайы алмалардын ичинен мөмөсү чоң жана даамдуулары да кездешет. Алар жаңы сортторду чыгаруу үчүн өтө керектүү.

Жапайы алмалар ири аянтты ээлеп, жылыга көп мөмө байлап, арбын түшүм беришет. Аны көбүнчө кургатып, же болбосо атайы курулган заводдордо шире даярдоо үчүн пайдаланышат. Түз, жолго жакын, жыйноого жана ташууга ыңгайлуу жерлерде жапайы алмалар улоо жолу менен эгилүүчү бактарга айландырылып жатат. Табигый алмалар түштүк токойлорго мүнөздүү, бирок Кыргызстандын түндүгүндөгү тоолордо бириндеп-сериндеп өскөн дарактарды көп эле кездештирүүгө болот. Кара-

Балтанын алмалуу деген коктусунда жапайы алмалар көп өсөт. Ала-Арчада, Боом капчыгайында алма дарактары бириндеп жолугат. Табигый дарактардын арасында шагы, жалбырагы кооз дарактар бар. Айрыкча жалбырагы ичкерээк, түсү кызгылт келген формалары көркөм дарак катары бак тигүүдө кеңири колдонулат.

## АЛЧА

Алма сыяктуу көп аянтты ээлеп, кеңири таралган баалуу өсүмдүк. Өзүнчө же жаңгак, алма, ак чечек, түрдүү бадалдар менен аралашып өсөт. Бийиктиги 5—7 м чамасында. Жалбырагынын формасы сүйрү жумуртка түспөлдөш. Гүлдөгөн кезде өтө кооз. Ак гүлдөрү дарактын шагын бүт каптап too бетин өзгөчө көркө бөлөйт. Бадам менен өрүктөргө караганда кечирээк гүлдөп, эрте жаздагы суукка көп учурабайт. Ошондуктан алча жылыга түшүм берет. Август айынан баштап быша баштайт. Бир түп алчадан 7—30 кг чейин түшүм алышат. Жемиштеринин түстөрү түрдүүчө: сары, кызыл, көгүш, кара ж. б. түстө. Басымдуу көпчүлүгү сары жана кызыл түстө. Алчанын ичинен мөмөсү эгилген алчалардан, кара өрүктөн кем калбаган чоң мөмөлүү формалары бар. Жемишинде канттар, органикалык кислоталар, С жана А витаминдери, пектин заттары көп. Токойдогу алчалар бышканда терип алынып кургатылат же атайы заводдордо ширеси чыгарылып алынат, компот, варенье, вино жасалат. Алча жер тандабай өсө бергендиктен, айрыкча кургак жерлерге тигилет.

Табигый токойлордо күзүндө күбүлүп түшкөн уруктарынан жаз келээри менен жаш көчөттөр өнүп чыга баштайт. Жаш кезинде өтө тез өсүп, бара-бара өсүшү басаңдайт. Картая баштаган дарактарынын кабыктары карарып, куурап, сөңгөктөрүндө жаракалар пайда болот. Токой тигүү жана кара өрүктүн баалуу сортторунун көчөттөрүн даярдоо үчүн алчанын уругу питомниктерге күзүндө себилет. Өнүп чыккан көчөттөр бир аз чоңойгондо керектүү сорттордун бүчүрлөрүн улап кыйыштырышат.

Алча өсүмдүгү өрүк, чие, кара өрүк ж. б. менен оңой аргындашкандыктан жаңы сортторду чыгаруу ишинде өтө маанилүү. Токойлордо алча менен катын жаңгактын табигый түрдө пайда болгон аргыны Ала-Буканын тоосунан ж. б. жерлерден кезигет. Бул дарактардын илим үчүн мааниси зор. Ошондуктан алар азыр ботаника багында атайын естүрүлүп жатат.

## АЛМУРУТ

Жемиш токоюнда жаңгак, алма, алчалар менен бирге алмуруттар өсөт. Алмуруттар көбүнчө токойдун кургак, каксоо жерлерин ээлеп турат. Нымдуу жерге туш кел-

ген учурда сөңгөгү түз, өтө бийик болуп өсүшөт. Жаш кезинде тез өсүп, кийинчерээк токтолот. Кыргызстандын жапайы токойлорунда алмуруттардын 4 түрү кездешет. Көбүнчө кадимки алмуруттар деп аталган, жалбырактары жумуртка түспөлдөш, мөмөлөрү чоң түрү кездешет. Майдараак, чачыланган жалбырактуу алмуруттар да кездешет, алар өтө ысык жерде өсөт.


Токойдо өскөн алмуруттардын мөмөсүнүн формасы, даамы ар түрдүү. Кай бирлериники кадимки кол менен тигилгендерден кем калышпайт. Көлөкө тийбей күнөстүү жерде өскөндө жылыга түшүм берет. Алмуруттун мөмөсүнүн дарылык мааниси бар. Ал ашказан, ичеги ооруларга колдонулат. Чоң кишилер гана эмес балдарга да берилет. Алмуруттардын мөмөсү көпкө сакталбагандыктан, бышкан учурунда дароо терилип, же кургатылып алынат. Сөңгөгү бышык келип, күрөң сымал түстө болот. Түрдүү мебелдерди жасоодо колдонулат. Тамыры жерге терең кирип, кургакчылыкка жакшы ыңгайлангандыктан, кайрак жана суусу аз жерлерге тигүүгө ылайыктуу. Кургак жерде эгилген токой тилкелеринен көп учуратууга болот. Токойлордо көчөттөр жемиштерден жерге түшкөн уруктардан өнүп чыгат. Топуракка тийип калган шактары да тамыр байлап, кийин даракка айланат. Тазаланып даярдалган уруктары питомниктерде эгилүүчү сорттордун көчөттөрүн өстүрүү максатында себилет. Көп жашай турган дарактардын эсебине кирип 200 жылга чейин жашайт.

## ӨРҮК

Жемиш токойлорунда башка дарактарга караганда өрүктөр аз кездешет. Кеңири таралган жерлерин биз Чычкан, Аркыттан кездештирдик. Өрүктөр түштүктө гана эмес Кыргызстандын түндүгүндө да: Ала-Арчада, Боом капчыгайында, Кеминде ж. б. жерлерде учурайт. Кургак жерлерге өсүүгө ыңгайлуу келип, каксоо беттерде кезигет. Мөмөлөрү бышаар менен пайдаланылат, же кургатылып алынат. Адамга керектүү глюкоза, фруктоза, сахароза, С жана А витаминдери, лимон, алма кислоталарына, минералдык заттарга бай. Жемишинде айрыкча калий көп болот. Кабыктарында болсо дары катары кеңири колдонулуп жүргөн өсүмдүк майлары арбын. Өрүктүн башка өсүмдүктөрдөн обочолонуп, көрктөнүп турган кези — күз. Күзгү суук башталганда анын жалбырактары мала кызыл, кызгылт түскө боёлуп өтө кооз көрүнөт. Жапайы өрүктөр кургакчылыкка өтө чыдамдуу келгендиктен, жаңы сортторду чыгарууда кеңири пайдаланылат. Башка дарактар өсө албаган кургак, кумдуу, таштуу жерлерге, жолдун жээктерине, токой тилкелерине тигилип жатат. Сөңгөгү күрөң сымал түстө келип катуу болот. Усталар бышык жана үнү жакшы чыккан комуздарды ушул өрүктүн жыгачынан жасашат.


## МИСТЕ МЕНЕН БАДАМ

Бул эки жемиш дарагы дайыма бирге айтылат. Себеби булар бири-бирине көмөктөш болуп, башка дарак бадалдар өсө албаган өтө кургак адырларда өсүшөт. Мисте менен бадамдын кеңири таралган жерлерин биз Сузактын, Жылгындынын, Алаштын, Чаар-Кудуктун, Таш-Көмүрдүн созулуп жаткан адырларынан көрдүк. Мисте менен бадам көбүнчө бир аймакта өссө да алардын кургак жер шартына көнүгүү мүмкүнчүлүктөрү ар түрдүүчө. Мисте бадамга караганда сейрегирээк болуп өсөт да, жалбырактары кайнаган жайдын ысыгында түсүн жоготпой кеч күзгө чейин көгөрүп тура берет. Жалбырактарын кармап көрсөң дайыма муздак. Мунун себеби мистенин тамыры жерге өтө терең кирип топурактын төмөнкү катмарында сакталып турган ным менен өсүмдүктү камсыз кылып, жал-



*Мистенин шагы*

бырактардын жетиштүү буулантуусун тейлеп, аны салкындатып турат. Биз суу жеп кеткен жарлардан мистенин 4—7 метрге чейинки тереңдикке кирген тамырларын көрдүк. Табигый мистелер бийиктиги 5—6 метр келген, кичирээк жыгач же жапызыраак бадал катарында учурайт. Башка дарактарга, бадалдарга салыштырганда кечирээк гүлдөп, чаңдашат. Ошол себептен эрте жазда болуучу сууктан көп жапа чекпейт.



*Бадамдын шагы*

Мистенин башка жемиш дарактарынан айырмасы анын эки үйлүүлүгү, башкача айтканда гүлдүн аталык жыныс органы бир өсүмдүктө, энелик жыныс органы экинчи бир өсүмдүктө болгондугунда. Эркек жыныстуу даракты эл арасында нар деп коюшат. Эрте бышат. Август айынан баштап терилет. Жемиштеринин чоңдугуна жараша көп формалар тандалып алынган. Өтө баалуу формалары токой чарбаларында эгилип келе жатат. Мистенин уругу өтө баалуу. Данеги даамдуу жана азыктуу. Өсүмдүктүн майы 60,0% ке жетет. Андан башка кант, минералдык заттар кездешет. Куурулган данектери чай ичкенде дасторконго коюлат.

Тамак өнөр жайында түрдүү тортторду ж. б. таттуу тамактарды жасоодо колдонулат. Данеги өтө пайдалуу болгондуктан баасы башка жаңгактардыкынан 3—4 эсе кымбат турат. Мисте илгертен бери адамдын ички ооруларына, сырткы жараттарына дары-дармек катары кеңири пайдаланып келе жаткан өсүмдүктөрдөн. Сабактарынан, жалбырактарынан чыгып турган чайырлары өтө керектүү. Андан жогорку сапаттагы сырларды, боёкторду даярдоо ишинде колдонулат.

Чайырдын жакшы чыгып турган мезгили июнь-сентябрь айлары. Сөңгөгү оор, бышык жана кооз келет. Майда мебелдерди жана түрдүү буюмдарды жасоого ылайыктуу. Чогу өтө таптуу келип, мурда сөңгөгү, шактары көмүр өчүрүү үчүн пайдаланылган.

Биз жогоруда мистенин негизги аянты азыркы кезде түштүк тарапта экенин айттык. Мурда Кыргызстандын түндүк аймагын-

да мисте көп эле кездешүүчү деп айтышат. Мунун чын экендигине ишениш үчүн биз Ысык-Көлдөгү саякаттан келе жатканда Боом капчыгайынын Кыз-Күйөө деген жерине жакын белесте көргөн бир канча түп табигый мистени эсиңерге салсаңар, жетиштүү болоор.

Бадам болсо мистеге караганда кургакчылыкка башкача көнүккөн. Тамыры жерге терең кирбей, көбүнчө топурактын жогорку катмарына жайланышат. Ошол себептен топуракта кышында жыйналган нымды эрте жазда үлгүрүп пайдаланып калуу, бул өсүмдүк үчүн өтө маанилүү.

Жалбырагы кыш аяктап, жаз келип, күн бир аз эле жылыганда ачылып, кургакчылык мезгил башталганга чейинки нымды керектейт. Күн ысый баштаганда жалбырагы түшө баштап өсүмдүктүн буулануусун азайтат. Өтө ысык жана кургак жерлерде жалбырагы ичке, тикендүү түрлөрү учурайт. Бадам жазында дарактардан биринчи болуп гүлдөйт. Гүлү ак, мала түстө, өтө кооз. Эрте гүлдөгөндүктөн көп учурларда үшүп кетет. Бадамдын түшүмүнүн мезгил-мезгили менен болуп турушу да ошол себептен. Бадамдын мөмөсү да өтө пайдалуу. Анда түрлүү баалуу заттар көп.


Жапайы токойлордо данектери таттуу жана ачуу дарактар кездешет. Кийинки жылдарда токойлордо данектери таттуу дарактар көп пайдаланылгандыктан, алардын саны азайып кеткен. Азыркы кезде таттуу данектүү бадамдарды өстүрүүгө көбүрөөк көңүл бурулуп жатат. Жапайы өсүп турган ачуу данектүү дарактарга баалуу сортторду улоо жолу менен да таттуу данектүү дарактарды көбөйтүүгө болот.

Мисте менен бадам өтө баалуу мөмө бергендиктен жана башка дарактар өсө албаган кургак-какыр жерлерде өскөндүктөн, толуп жаткан суусуз адырларга тигүү үчүн ылайыктуу. Азыркы кезде дарактардын аянтын көбөйтүүгө көп көңүл бурулуп жатат. Негизинен уруктарын сээп эгишет. Мисте, бадам өстүрүүчү атайы токой чарбаларынын кызматчылары жай, күз айларында адырдын, тоонун беттерине тектирчелерди, чөнөктөрдү даярдап коюп, күз болгондо жаңы терилген уруктарды себишет. Жазында өнүп чыккан жаш көчөттөр чоң дарак болгончо багылып, көз салынып турат. Мистени суюгураак кылып, өзүнчө аянттарга тиккен ылайыктуу.

## АНАРЛУУ КОКТУ — РАЗАН-САЙ

Улам жаңы токойлорду аралаган сайын жаңы дарактарды, бадалдарды көрүп аларга таң калабыз. Чындыгында түштүктүн жапайы жемиш токойлору дарактарынын түрүнүн көптүгү жагынан дүйнөдө теңдеши жок. Ошол себептен бул токойлорду окумуштуулар табигый ботаника багы деп коюшат. Бул сөздүн адилеттүү айтылганын бизге ар бир коктунун өсүмдүктөрү далилдеп жатты. Буга мисал катары Разан-Сай коктусунун өсүмдүктөрү тууралуу айтсак жетиштүү болоор.

Разан-Сай, Таш-Көмүр шаарынан чыгыш тарабында Нарын дарыясынын жээгинде орун алган. Бул жерге биз сентябрь айында келдик. Адатта бул мезгилде түз жерлерде күндүн илеби кайра тартып калаары белгилүү. Ал эми Разан-Сайды кыдырып жүрсөң кадимкидей ысык, адамдан тер агат. Бул коктудан нелерди гана көрбөйсүң. Анар, анжир, жүзүм, шаа тыт, боз кемпир, бадам, мисте ж. б. толуп жаткандар. Бул коктудагы өскөн сейрек субтропик өсүмдүктөрүн, илгерки заманда ушул жерде жашаган адамдар эгишүүчү, кийин жапайы болуп кеткен деп бирөөлөр айтса, экинчилери бул өсүмдүктөр башынан бери эле жапайы түрдө өсүп келе жатат деп болжолдошот. Толук далил жок. Жапайы анардын, жүзүмдүн жемиштеринин чоңдугу, сапаты, кадимки эгилүүчү сорттордон кем калбаган сыяктуу. Айтылып кеткендей Разан-Сайдан Кыргызстандын башка жеринде кездешпеген шаа тыт илимде кара тыт деп аталуучу түрүн көрдүк. Бул тыттын жемиши чоң, даамдуу. Азыр бул дарактын 3—4 түбү ушул жерде сакталып турат. Бул сейрек даракты корукка алса, жана аны өстүрүп, көбөйтүү жагына көңүл бурса болоор эле. Жогоруда айтылып кеткен субтропик өсүмдүктөрүнүн ушул жерде өсүп турганы, бул коктунун өзүнчө климаттык шартына байланыштуу. Кокту батыш, түндүк жана чыгыш жактарынан таштуу зоо беттери менен тосулуп, күн тиер замат ысый баштайт· Жердиктүүлөр бул аймакта кышын-



*Анардын мөмөлөөү шагы*



*Анжирдин шагы жана мөмөсү*



*Боз кемпирдин шагы*


да кар жатпайт, жааган кар бир-эки күндө эле эрип кетет дейт. Кийинки жылдарда Токтогул ГЭСинин курулушуна байланыштуу Разан-Сайга эс алабыз деп элдер көп келип, өсүмдүктөрдү сындырып, бүлдүргөн учурлары да байкалат. Сейрек өсүмдүктөрү бар Кыргызстандын табигый субтропик жери Разан-Сай коктусуна көңүл буруу зарыл.

Айткандай, биз жогоруда боз кемпир деп кеттик. Разан-Сайга келгенде, өңү боз болгон, башка жерден көрбөгөн бадалча, биздин көңүлдү бурду. Гербарий жыйнап жатканда разан-сайлыктар муну биз боз кемпир дейбиз дешти. Кийин аныктап көргөндө бул өсүмдүктүн ушул жерде эле сакталып турганын билдик. Анын орусча аты Корольков сафорасы.

Разан-Сайга Күрп-Сай коктусу жакын жайгашкан. Бул кокту да ар кандай өсүмдүктөргө бай экен. Айрыкча жапайы өскөн жүзүмдөр көп. Дарактарга жармашып бийик болуп өсүп, кандайдыр тропикти элестетет. Жемиштери кадимки жүзүмдөрдүкүндөй эле дандуу жана ширелүү. Жүзүмдүн айрыкча көп таралган жерлерин кийин биз Кичи-Ак-Жол, Жаңы-Жол коктуларын аралаганда көрдүк.

## ДОЛОНО

Элге кеңири белгилүү токой дарагы. Кыргызстандын көп жерлеринде кездешет. Бирок долононун көп өскөн жери түштүк жемиш токойлору. Токойлордон сары, күрөң, кызыл мөмөлүү түрлөрүн кезиктирүүгө болот. Долоно кургакка ылайыктуу келип көбүнчө Күңгөй беттерди ээлеп жатат. Топуракты селдин жана нөшөрдүн жууп кетишинен сактап, көп жапайы айбанаттарга, куштарга мекен. Долононун гүлү, жемиши, жалбырагы дарылык касиетке ээ. Жүрөк жана нерв системасынын ооруларын дарылоо үчүн керектүү дарылар даярдалат. Долононун бир түрүн айван сары деп коюшат. Анын кеңири таралган жерлери: Ачы, Алаш, Жаңы-Жол, Тегене. Бул долоно Кыргызстандын аймагында өскөн долонолордон жемиши чоң жана жегенге жарактуу болгондугу менен айырмаланат. Ошондуктан ага бир аз токтолуп кетүү зарыл.



*Айван сарынын шагы*


Дарактын бийиктиги 4—10 м. Бир жылдык сабактары жана жалбырактары түктүү. Мөмөсү сары түстө. Дарагы мөмөнү көп байлап түшүмдүү келет. Даамы жакшы болгондуктан элдер жылыга жыйнап алышат. Жемиши крахмал, кант, пектин, органикалык кислоталарга бай. Кант 18% ке чейин болот.

Адырларда көбүнчө жалгыздап өсүп алыстан дүпүйүп кө-

рүнүп турат. Жалбырагы кооз. Айван сары долонолордун ичинен жердин өтө кургак шартына өсүүгө ылайыктанган түрү. Кургакчыл жерлерде көркөм дарак катары тигүүгө болот.

## КАТЫРАҢКЫ

Түштүк Кыргызстандын шагылдуу кургак тоо беттеринен, адырлардан, аскалуу жерлерден бириндеп өскөн бийиктиги 8—12 м ге жеткен кара жыгач сымал дарактын топторун учуратууга болот. Бул катыраңкы. Кара жыгачка окшоштугу, алардын бир тукумга киргендигине байланыштуу. Каты-




*Катыраңкынын шагы*

рыңкы ак чечек, алма, алча менен да бирге өсөт. Жыгачы оор, катуу. Ошол себептен аны темир жыгачы деп да коюшат. Сөңгөгүнөн майда мебелдерди жана жакшы фанераларды жасашат. Жемиши бышканда жегиликтүү. Нанга кошуп бышырууга да болот. Ашказан ооруганда дары катары колдонулат. Уруктарын сээп өстүрүшөт. Катыраңкы кургак жерлерди токойлондуруу жана жашылдандыруу үчүн өтө ыңгайлуу дарак.

## КАТЫН ЖАҢГАК

Катын жаңгак деген сөздү биз түштүктүн токойлорун кыдырганда гана уктук. Себеби бул бадал негизинен түштүк токойлордо өсөт. Кыргызстандын түндүк тарабын-




*Катын жаңгактын шагы*

да: Кеминде, Ысык-Көлдө, Тянь-Шанда өспөйт. Катын жаңгактын жалбырагы кара жыгачтыкына окшош. Мөмөсү тегерек келип, майда жаңгак түспөлдүү. Гүлдөгөн кезде өтө көркөмдүү. Ачык түстөгү ак гүлдөрү бүт өсүмдүктү каптап калат. Бийиктиги 2—3 м чамасында. Көбүнчө ыргай, шилби, бөрү карагат, табылгы жана ит мурундар менен бирге өсөт. Уруктары аркылуу көбөйөт. Кеңири таралган жерлери: Афлатун, Аркыт, Чычкан, Ала-Арча капчыгайлары. Жашылдандырууда көркөм бадал катары колдонулат.

## АК ЧЕЧЕК

Кыргызстанда ак чечектин эки түрү белгилүү. Бирөө чоң, экинчиси майда мөмөлүү. Чоң мөмөлүүсү көбүнчө түштүк токойлорунан кездешет. Майда мөмөлүү ак чечектер кеңири таралып, түштүк токойлордон тартып, түндүктө Боом капчыгайына, Кеминге чейин жетет. Чоң мөмөлүү ак чечек Фергана жана Чаткал аймагында өзүнчө токойлорду, же башка дарактар менен бирге өсүп көп аянттарды ээлеп жатат. Бийиктиги 20, жоондугу 0,5—1 метрге чейин жетет. Сөңгөгү көбүнчө ийри келет. Майда ак чечектер 5—6 метрден ашпайт, көбүнчө бадал түрүндө кездешет. Кокту колоттордо, сайдын бойлорунда топ-топ болуп өсүп турушат. Ак чечектердин жалбырактары айрыкча канатчалуу мөмөчөлөрү өтө көркөмдүү келип, токойдогу башка дарактардан кооз көрүнөт. Жашылдандырууда кооз дарак катары кеңири пайдаланылат.



*Майда ак чечектин шагы*

## МОЮЛ

Моюлдар түштүк токойлорго мүнөздүү. Бирок ал түндүктө да: Ала-Арча капчыгайында жана Кеминде кездешет. Моюл аз өлчөмдө кезигип, токой жөнүндө сөз болгон-



*Моюлдун шагы*

до анын аты айтылбай да калат. Ошондуктан моюлду сейрек учуроочу токой дарагы деп коюшат. Моюлдун сабагы кара, жемиштери да кара болуп ачуу келет.

## АСА-МУСА

Аса-Муса бийиктиги 4—5 м келип, жайылып чыккан бадал. Гүлдөгөн кезде өтө көркөмдүү. Гүлдөрүнүн түсү агыш, өтө жыттуу. Тоонун таштуу ачык беттерин ээлеп, жай өсүшөт. Сөңгөгү катуу, бышык келип өтө оор болот. Аса-




*Аса-Мусанын шагы*

Мусанын көп таралган жерлери: Сары-Челек, Арстанбап, Жаңы-Жол. Жашылдандырууда кооз бадал катары көбүрөөк пайдалануу керек. Аса-Муса менен аралаш, ага касиети абдан окшош кара-март деген бадал өсөт. Ал да Аса-Муса сыяктуу өтө көркөмдүү.

## ТАҢ КАЛАРЛЫК ЖАЛБЫРАК

Биз Кыргызстандын түндүк, түштүк тарабындагы токойлорун аралаганда көп жерлерден четиндер көп эле кезиккен болуучу. Алар көбүнчө нымдуу жерлерде өсүп, мөмөлөрү күзүндө бышып жетилгенин көргөнбүз. Бул четинди илимде кадимки же Тянь-Шань четини деп аташат. Биз Сары-Челекте жүргөндө октябрь айы эле. Көлдүн жээгинен мөмөсү



*Алма четиндин шагы*

саргарып бышып турган, сөңгөгү, бутактары четин сымал, бирок жалбырагы башкача даракты көрдүк. Токойчудан сурасак, муну биз алма четин дейбиз деди. Алма четин деп кабыгы, сабактары, бүчүрлөрү четин сымал, ал эми жалбырагы алманыкындай жазы болгондугунан айтылган экен. Алма жалбырактуу деп атоо, болжолдоп айтылган сыяктуу. Карап көрүп бул четиндин жалбырагы жазы болгону менен, алманыкынан бир канча айырмасы бар экенин байкоого болот. Чынында жалбырагы алмага караганда долоного окшошураак. Бул дарактын жалбырагы өтө эле кооз экендиги бизди суктандырды. Алма чечетинди Сары-Челектен башка Арстанбаптан да көрдүк.

Дарактын бийиктиги 3—5 м чамасында. Кадимки четинге караганда кургак жерге өсүүгө ылайыктуу. Токойлордо жаңгак, алма, айрыкча чоң мөмөлүү ак чечек менен бирге өсөт. Көркөмдүү дарак катары жашылдандырууга пайдаланууга ылайыктуу.

## ТОКОЙ БАДАЛДАРЫ

Токой арасында же ага тутумдаш аянтчаларда түрдүү бадалдар өсөт. Алар мааниси жагынан токойдогу чоң дарактардан кийинки көрүнүктүү орунду ээлешет. Бадалдардын арасы дайыма нымдуу келип, дарактардын уругу түшсө алардын өнүп чыгуусу үчүн ыңгайлуу шарт түзөт. Пайда болгон көчөттөр мал тебелебей жакшы өсүп, балатыларга, андан соң чоң дарактарга айланат. Бадалдар өзүнчө өскөн кезде «майда черлерди» пайда кылып, тоонун тике беттериндеги жаанда,

нөшөрдө пайда болуучу селдердин болушун азайтат. Токой бадалдарына ит мурундар, жевелге, ыргай, шилби, табылгы ж. б. кирет.

И Т  М У Р У Н. Бул өсүмдүктү гүлүнүн жытына байланыштуу кай бир учурда атыр гүл же роза гүлү деп коюшат. Токой арасында же ачык жерде өсүшөт. Кыргызстандын бардык аймагынан кездешет.

Гүлдөрү кооз, ар түрдүү: ак, мала-кызыл, сары ж. б. түстө. Сабагы тикендүү келет. Эгилип жүргөн розалар ушул жапайы ит мурундардын уругунан өстүрүлгөн көчөттөргө ар түрдүү



*Жевелгенин шагы*

сортторду улоо жолу менен алынат. Ит мурундар өтө баалуу өсүмдүк. Анын мөмөсү барыдан мурда витаминдерге бай. С витамининин көптүгү боюнча ит мурундар өсүмдүктөр арасында биринчи орунду ээлеп турат. Цынга деген дартка табылбаган дары. Ит мурундагы витаминдер башка өсүмдүктөрдөгү витаминдерге салыштырганда өтө жогорку физиологиялык активдүүлүккө ээ. Мөмөсүндө көп түрдүү баалуу заттардын, атап айтканда, глюкоза, фруктоза, крахмал, пектин, лимон кислотасы, каротин, айрыкча темирдин болушу ит мурундарды көбүнчө дары катары пайдаланууга шарт түзөт. Мөмөсү толук бышкан учурда жыйнап алууга сунуш кылынат.

**Ж Е В Е Л Г Е.** Токойлуу жерлерде дарак жана бадалдарга жармашып чыккан 4—5 м бийиктиктеги түктүү мөмөлүү өсүмдүктөрдү кезиктирүүгө болот. Бул жевелге же коён томук. Табигый токойлордо мааниси билинбегени менен азыр анын кооз түрлөрү шаарлардагы үйлөрдүн балкондорун, дубалын жашылдандырууда колдонулуп жатат. Жевелге түрдүү тирөөчтөргө оролуп бийик өсөт.

**Ы Р Г А Й.** Элге таанымал бадал. Ырларда коктунун, белестин кооз жерлерине чыккан ыргайлар жөнүндө айтылат. Ба-

далдын бийиктиги 1,5—3 м болот. Сабактары чачырап чыгат. Жалбырагы түктүү келип сүйрү, жумуртка түспөлдөш. Өзүнчө же башка бадалдар менен аралашып өсөт. Уруктарынын өнүмдүүлүгү начар. Апакай түстүү болуп гүлдөйт, өтө көркөмдүү. Жашылдандырууда сабагы каралжын түстүү түрү колдонулат. Жемиши кайберендер, куштар үчүн азык.

Ш И Л Б И. Ыргайлар менен тутумдаш өсөт. Сабагынын кабыктары сыйрылып турат. Шилби жарыкты сүйүүчү өсүмдүктөрдүн катарына кирип, ачык жерлерде жакшы өсөт. Ар кандай түрлөрү бар. Майда 0,5 м келген бадалдан тартып 5—6 м ге жеткен дарак түрүндө кезигет. Гүлдөрү ак, мала-кызыл. Мөмөлөрү ак, сары көгүш болот. Көбүнчө жапайы куштарга азык. Уруктары аркылуу көбөйөт. Жерге тийип калган сабактары да тамыр байлап, кийин өзүнчө бадалдарга айланат.

Кооз гүлдүү, көркөм жалбырактуу түрлөрү жашылдандырууда пайдаланып жатат.

Т А Б Ы Л Г Ы. Токойдун четинде же тоонун ачык беттеринде апакай болуп жайнап гүлдөп турган бадал топтору кезигет. Булар табылгылар. Алар ар кандай жерлерге өсө бере турган бадал. Кургак адырлардан, тик тоо беттеринен, аскалардан, суу жээктеринен да учуратууга болот. Табылгы кеңири пайдаланылып келе жаткан бадалдардан. Кооз, бышык кызыл сабактарынан камчы сап жана жүн үчүн сабоо жасашкан. Азыр табылгынын кооз гүлдөгөндөрү шаар-кыштактарда көркөмдүү бадал катары өстүрүлүп жатат.

## ЖЕМИШТҮҮ БАДАЛДАР

Токой аймагында көп сандаган жапайы жемиш бадалдар кезигет. Алардын катарына карагат, дан куурай, чие ж. б. кирет. Жапайы жемиш бадалдары бакма жемиштерге караганда аба ырайына чыдамкай келип, жер тандабай өсө беришет. Мөмөсү адам үчүн пайдалуу заттарга бай.

К А Р А Г А Т. Карагаттардын бир канча түрлөрү кезигет. Белгилүүлөрүнүн бири биз көрүп жүргөн кадимки карагат же чыны карагат. Түрдүү бадалдар менен аралаш өсүп, күзүндө жайнап бышып турганда өтө көркөмдүү. Карагат терип жүргөндө акындын белгилүү ыры эсиңе түшөт·

Катын жаңгак, кара моюл, карагат,
Карагатты бышкан кезде терип тат.

Карагатты аралаганда андан буруксуп чыккан, адамга жагымдуу жыт келет.

Бул жемишинин жана жалбырагынын жыты. Карагаттар, айрыкча жапайы чыны карагаттар витаминдерге бай. С витаминин көптүгү жагынан карагат ит мурундан кийинки экинчи орунда турат.



*Аюу карагаттын шагы*

Кадимки карагаттан башка бөрү карагат бар. Муну сары жыгач деп да коюшат. Бөрү карагат чыны карагатка караганда каксоо жерлерге өсүүгө жөндөмдүү. Кабыктары чымкыл сары келип тери, жүн боёо үчүн пайдаланылган. Кызыл түстөгү ширелүү мөмөлөрү керектүү заттарга бай. Бышкан кезде терилип алынып тамак, дары-дармек катарында колдонулат. Сабактары тикендүү. Бөрү карагат башка бадалдар өсө албаган кургак, таштуу, кумдуу жерлерди ээлеп бай мөмө бергендиктен, ушундай жерди ээлеген жапайы кайберендер, куштар үчүн жайлуу мекен.



*Чиенин шагы*

Айта кете турган сөз. Токой кыдырып жүргөндө токой бадалдарынын арасында аюу карагат деген бою кыска, кызыл жемиштүү бадалдар кезигет. Бул каргат деп аталганы менен чындыгында карагаттарга эч жакындашпайт, башка тукумга кирет. Сабактарынын составында каучукка жакын гутта деген зат болот. Бул бадалдын аюу карагат деп аталып калганы, суук түшкөн мезгилде, башка токой жемиштери жок болгондуктан аюулар жешет. Орусча аты бересклет Семенова.


Д А Н  К У У Р А Й. Кеңири таралган жемиш бадалдарынан. Дан куурайдын эгилгенин малина деп коюшат. Кеңири таралган жерлери Сары-Челек, Кетмен-Төбөнүн Чычкан капчыгайы. Жапайы дан куурайдын тикенекчеси эгилгендердикине караганда көбүрөөк болот. Бышканда терип жешет жана варенье кайнатуу үчүн жыйналып алынат. Жемишинин дарылык касиети

бар. Аны суук тийгенде чай менен кошуп ичсе, тердетип оорууну басат. Мөмөсү аюулардын сүйгөн тамагы экени жомоктордон белгилүү. Чынында дан куурай өскөн жерлерге аюулар көп келип, бышкан кездерде башка бадалдарды да тебелеп кеткен учурлары байкалат.

ЧИЕ. Анча бийик эмес бадал. Жалбырагы сүйрү жумуртка түспөлдөш. Мөмөсүнүн түсү кызыл, ширелүү келет. Эрте бышат, июнь айында терилет. Жакшы өскөн жерлерден варенье үчүн жыйнап алышат. Өтө жыш гүлдөйт. Ак гүлдүү. Кай бир учурларда таштуу сайларды же тоонун күнгөй беттерин толук ээлеп, апапак болуп гүлдөп турат. Чиелердин бир канча түрлөрү бар. Кыргызстандын түндүк тарабында бою жапыз, түштүгүндө көбүнчө бийик чиелер кездешет. Башка бадалдар өсө албаган кургакчыл жерлерди жашылдандырууда тигилет.


## КАКЫРДЫН БАДАЛДАРЫ

Кыргызстанда, кургак жерлер, суусуз адырлар, шагылдуу сайлар, каксоо беттер, кумдуу жерлер, аска жарлар көп. Ушундай жерлерде кургакчылык шартына жакшы ыңгайланган бадалдар өсөт. Аларга алтыгана, боз караган, коңорчок ж. б. кирет. Айтылган бадалдар өздөрү ээлеген «жылаңач» жерлерге жашыл жабуу болуп аймакты «жандантып» турганын көрүп таңданасың. Аларды билүүгө кызыгасың.




*Коңорчоктун мөмөлүү шагы*

АЛТЫГАНА. Бул бадал Кыргызстандын көп жеринде кездешет. Бутактары майда тикенектүү сары гүл ачып гүлдөйт. Алтыганалар Тоңдун, Ак-Өлөңдүн, көл бойлогон шагылдуу, кумдуу аянттарында, Чүй өрөөнүндө, Талды-Булак, Кегети сайларында көбүрөөк. Башка бадалдар өсө албаган таштуу, кургак жерде өсүп, андагы жашаган кайберендерге, куштарга табылгыс жай.



*Карагай токою*



*Жаңгак токою*

Б О З  К А Р А Г А Н. Өзүнүн аты айтып тургандай жапыс бадалча. Бардык бөлүгү: сабагы, жалбырактары бозомук келет. Бийиктиги 0,5—1 м ден ашпайт. Гүлдөрү ак. Кургак мөмөсү мала-кызыл гүлдүү болуп, көп убакытка чейин күбүлүп түшпөй тура берет. Бул мөмөлөрдүн сырткы көрүнүшү гүлдөргө өтө эле түспөлдөш болгондуктан, элдер көбүнчө караган гүлдөп турат деп коюшат. Кумдуу, таштуу сайларды, шагылдуу тоо этектерин ээлеп жатышат. Кургакчыл жерлерди жашылдандырууда көркөм бадал катары тигүүгө ылайыктуу.

К О Ң О Р Ч О К. 2—3 м бийиктиктеги бадал. Тамыры жайылып өсүп, жердин тереӊ катмарына кирип, кургакчыл жерге өсүүгө мүмкүнчүлүк берет. Көбүнчө шордуу жерлерде өсөт. Сабактары тикенектүү. Ак жана мала-кызыл гүлдөрү абдан кооз. Гүлдөгөн кезде билбеген адамга атайы коздук үчүн тигип койгондой сезилет. Тилекке каршы кийинки жылдарда бул баалуу бадалдын кыйылып жатканы өкүнүчтүү. Коңорчоктун көп кездешкен жерлери Боом капчыгайы, Тоң, Ак-Өлөң. Шордуу жээктеринде Коңорчок менен бирге жайылып, майда чөмөлөдөй болуп өскөн, боз коңорчок деген бадал да кездешет. Бийиктиги 0,5 м чамасында. Мөмөсү кара түстө.

## ТЕРЕКТЕР МЕНЕН ТАЛДАР

Көрүнүктүү токой дарактарынын катарына теректер жана талдар кирет. Бул эки дарак дайыма бирге айтылат. Бир тукумга киришет жана бирдей шартта өсүшөт. Терек да, тал да көбүнчө өзөн суулардын боюнда, нымдуу тоо беттеринде кездешет. Уруктары өнүмдүүлүгүн тез жоготот. Ошол себептен бышкан уруктар дарактан дароо нымдуу жерге түшкөн учурда гана өнүп кетүүгө жөндөмдүү. Кургак жерлерге түшсө өнбөй калат. Калемче, сабактарын кесип алып тиккенде тез эле тамыр алып өсүшөт.

Т Е Р Е К. Кыргызстанда теректин бир канча түрлөрү өсөт. Алар өздөрүнүн жалбырактары, сабактары, сөңгөктөрү, бийиктиги, жоондугу ж. б. менен айырмаланат. Ырларда теректердин түрлөрүнүн көптүгү жөнүндө айтылат:

Бак терек, чынар терек, көк терек,
Билесиң го андан башка көп терек.
Ат атынан айтып бер деп кыйнарсың,
Анын баарын айтып бериш не керек?
Жарамталдуу жакшырагы ак терек,
Эң узуну мырза терек, бак терек.

Жапайы токойлордо чынында эле теректин көп түрү кездешет. Алардын кай бири жалгыздап өссө, экинчилери бирге өсүп ири токойлорду да пайда кылышат. Талас өрөөнүндөгү Талас дарыясынын жээгин бойлоп өскөн чоң терек токою бар. Бул то-

койду түзгөн терек ак теректердин тобуна кирип, илимде атайы Талас тереги деген ат менен айтылат.

Терек токойлору Талас шаарынын жанында өтө жыш. Шаардын түндүк тарабын курчап өтө көркөмдүү көрүнөт. Өзөн бойлогон терек токойлору Ат-Башы, Куртка-Терек, Көкөмерен, Суусамыр, Тогуз-Торо, Куланак аймактарында да кездешет. Андан башка ар кайсы жерде бириндеп өскөн бака терек, бай терек кезигет. Теректер жашылдандырууда көп пайдаланылат. Артыкча мырза терек, көк терек, баалуу. Тигилген көчөттөр тез өсүп, бийик, түз келген көркөмдүү дарактарга айланат. Кыйган кезде сөңгөктөрүнөн курулушка керектүү устундарды, тактайларды даярдашат. Кагаз, фанера, ширеңке өнөр жайында кеңири колдонулат. Топурак тандабай өсөт. Бирок сууну көбүрөөк талап кылат. Өзөн бойлоп нымдуу жерге өскөндүктөн тамыры жерге терең кирбей топурактын жогорку бөлүгүнө жайланышат. Эгерде кургакчыл аянтка тигилсе тез-тез сугарууга туура келет. Теректер ысык жердин абасын тез салкындатууга ылайыктанган өсүмдүк. Сууну көп өлчөмдө буулантат. Теректердин көбүнүн жалбырактары түктүү келип, чаңды өзүнө сиңирип абаны тазартат.

## ТАЛ

Кыргызстанда талдардын түрлөрү көп. Кеңири таралгандары эчки тал, ак тал, ыргай тал. ж. б. көбүрөөк өскөн жерлери Боом капчыгайы, Кемин.

Талдар илгертен бери кеңири пайдаланылып келе жаткан дарак. Андан усталар идиш аяктан тартып, боз үйгө керектүү буюмдарды жасашкан. Азыр бак-дарак тигүүдө айрыкча көлдөрдүн, суунун жээгине тигилүүчү ийилип, салаңдап өскөндөрү көп колдонулуп жатат. Аларды мажурум тал деп аташат.

## КАЙЫҢ

Тоо кыдырып жүргөндө бийик беттерде, токой арасында, кокту-колоттордо, агын суунун бойлорунда өскөн ак кабыктуу дарактар көңүлдү бурат. Бул тоонун кооз дарагы ак кайыңдар. Кайыңдар, башка дарактар менен тутумдаш өсүп, алардан өзүнүн кооздугу, сөңгөгүнүн баалуулугу менен айырмаланат.

Бүт жыгачтын бир түрлүүсү кайыңсың,
Дайым көрсөм терек экөөң айылсың.
Ээрге эптүү, түндүккө түз жаралган,
Көп жыгачтан көрүнүшүң дайынсың.
Сымбатыңды сынап көрсөм алыстан,
Өз алдыңча сулуусусуң жыгачтын,—

— деп бекеринен айтылган эмес. Сөңгөгү бутаксыз жумшак келип, андан усталар өтүктүн таманына урулуучу жыгач мыктардан тартып, ээр, боз үйдүн жабууларына чейинки буюмдарды жасашкан. Азыркы кезде кайыңдын сөңгөгүнөн айыл чарба машиналарынын жыгач тетиктерин, түрдүү мебелдер, лыжалар, баалуу фанералар даярдалат.


Кыргызстанда кайыңдар кеңири таралган. Бийиктиги 7—25 м чамасында. Көп жерлердин аты ушул дарактын өсүшүнө байланыштуу Кайыңды деп аталат. Уруктары август айында бышып жетилип, дарактан учуп түшүп, нымдуу жерге түшкөндөрүнөн көчөттөр өнүп чыгат. Кайың суукка чыдамдуу болгондуктан тоо шартында токой өстүрүүгө ылайыктуу дарак. Кийинки жылдарда бийик тоолуу жерлерде кайыңдар көп өстүрүлө баштады. Шордуу жерде жакшы өсө албайт. Бак тигүүдө кайыңдар башка дарактар менен аралаш же өзүнчө обочолонуп тигилип, жашылдандыруунун көркөмдүгүн арттырат. Табигый кайыңга бай аянттар Алай-Куу, Чаткал, Шаймерден, Манастын тоосунда жолугат.

## ЧЫНАР

Бул дарак түштүктө эл жашаган аймакта илгертен бери өстүрүлүп келе жатат. Чынарды биздеги дарактардын эң эле зору десек жаңылышпайбыз. Бийиктиги 40, жоондугу 4—5 м ге жеткен дарактар учурайт. Жайдын күнү өтө көркөмдүү. Үч, беш, жети манчалуу өтө жашыл жалбырактары адамдын көңүлүн бурбай койбойт. Жайдын ысык күндөрүндө чынардын алды салкын, эс алууга ыңгайлуу жай. Ошондуктан чоң чынарлардын түбүнө жайкы ашканалар, чайханалар курулат. Сөңгөгү өтө баалуу. Андан эзелтен бери түрдүү кооз мебелдер, чоң кемелер жасалып келе жатат. Аны көбөйтүп өстүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Азыркы кезде чынарды уругун сээп же калемчелери менен өстүрүшөт.

## КАРА ЖЫГАЧ

Айыл-кыштактардан, шаарлардан, жол жээктеринен, токой тилкелеринен дайыма кара жыгачтарды көрөбүз. Кара жыгач кургак жерге өсүүгө ылайыкталган өтө чыдамдуу өсүмдүк. Башка дарактар өсө албаган, шордуу жерлерде да өсөт. Ал дайыма суу каптап турган өзөн жээктеринен да кездешет. Кыскасы жердин шартына көнүгүшү жана ыңайсыз климатка чыдамдуулугу жагынан кара жыгачтан өткөн дарак жок чыгар. Жалбырактары чыга электе «гүлдөп» уруктары май айында эле бышып, жерге учуп түшө баштайт. Нымдуу топуракка түшкөнү тез эле өнүп чыгып, көчөткө айланат. Эгүү үчүн, бышкан уруктарды атайы жыйнап алып, питомниктерге сээп өстүрүшөт. Өлкөбүздө жалаң кара жыгач тигилген чоң аянттарды ээлеген парктар көп.



*Чынардын шагы*

## ЖИЙДЕ

Терек-талдар менен катар тоо өзөндөрүнүн жээгинде, же арык бойлоп өскөн жийдени көрөбүз. Жийденин бир өзгөчөлүгү, эгер терек менен талдар көбүнчө агын суулардын жээгинде өссө, жийде мезгил мезгили менен суу каптап турган сайларда да өсүүгө жөндөмдүү. Буга анын нымдуулукка жана мезгилдүү кургакчылыкка ылайыкталган касиети жардам берет. Атап айтканда, жазгы нымда же суу кирген учурда жалбырактын сууну буулантуусу күчөйт. Кургакчылык мезгили башталганда түктүү жалбырактары буулантууну өтө азайтып, күндүн нурун чагылтып, өсүмдүктү ысыктан сактайт. Ным жетиштүү жерде бийик болуп өсөт. Жийденин бийиктиги 5—15 м чамасында. Жалбырагынын түсү боз. Гүлү саргыч, жыпар жыттуу. Ошондуктан жийденин гүлүндөй деп коюшат. Жийденин мөмөсү даамдуу. Ар түрдүү канттарга бай. Дары-дармек катары да колдонулат. Кай бир жерлердин аты жийденин өскөнүнө байланыштуу коюлган. Таласта жийде деген айыл бар. Уруктарын сээп же калемчелерин тигип өстүрүшөт.

## БАРКЫ БИЛИНГЕН ТИКЕНДҮҮ БАДАЛ

Өзөн, көл жээгин бойлоп басканда бизге бозомтук тикендүү бадал жолугат. Бул чычырканак турбайбы деп анча этибар кылбай өтө беребиз. Чынында эле чычырканакка

жакшы көңүл бөлүнбөй келе жатат. Ошол себептен кийинки жылдарда чычырканакты тып-тыйпыл кылып кыйып салып же «жер бошотуу» үчүн өрттөп жиберген учурлар да бар. Чычырканакка мындай мамиле кылыш анын маанисин түшүнбөгөндүктөн болушу ыктымал.

Бул өсүмдүк өтө баалуу экендигин жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөттү. Азыр чычырканактын атайы өстүрүлө баштаганы да ошол себептен. Мөмөсү адам үчүн пайдалуу глюкоза, фруктоза, сахароза, органикалык кислоталар, минералдык заттар, витаминдерге бай. Айрыкча жемишинде өсүмдүк майы көп өлчөмдө кезигет. Бул май көбүнчө дары катары колдонулат. Чычырканактын дарылык касиетин элдер илгертен эле баамдаган. Маселен, мергенчилер чычырканакты жеген куштарды атып алганда, анын этин, айрыкча чычырканактын ашы жыттанган бөтөгөсүн жегенде кишинин оорусу айыкканын байкашкан.

«Чычырканактуу черлер» кыргоол, коён, түрдүү куштар үчүн жайлуу мекен. Уруктарынан, тамырларынан жайылып тез көбөйөт. Мындай баалуу бадалды коргоо жана көбөйтүү зарыл.

Кымбаттуу жаш достор! Ошентип, биздин токойлорго болгон саякатыбыз да аяктап калды. Силер Кыргызстандын ар түрдүү жерлерин кыдырып, аз да болсо анын жашыл токойлору менен тааныштыңар. Саякат убагында тоо койнундагы токойлордун кооздугу, көркөмдүгү эстен кеткис элестерди калтырды. Республиканын аймагында дүйнөлүк мааниси бар түштүктүн жапайы жемиш багын, андагы нечен түрдүү дарактардын, бадалдардын түрлөрүн көрдүңөр, кай биринин атын биринчи жолу уктуңар. Чынында биздин жапайы токойлор дарактар менен бадалдарга өтө бай. Алардын баарын бул китепке жаза алган жокпуз. Көпчүлүгүнүн кыргызча аттары толугу менен топтолуп алына элек. Аны эл арасынан, жер жерлерден жыйноо керек. Өсүмдүктөр дүйнөсүнө токойго кызыккан жеткинчектерди алдыда кызыктуу иштер, жаңы ачылыштар күтүп турат. Китептин акырында дарактардын жана бадалдардын атын тактап билгенге кызыккандар үчүн өсүмдүктөрдүн аттары атайын таблицада кыргызча, орусча жана латынча берилди.

# ӨСҮМДҮКТӨРДҮН АТТАРЫ

| Кыргызча | Орусча | Латынча |
|---|---|---|
| Майда ак чечек | Клён Семёнова | Acer Cemenovii |
| Чоң ак чечек | Клён туркестанский | Acer turkestanica |
| Кара алма | Яблоня киргизов | Malus kirghisorum |
| Кызыл алма | Яблоня Сиверси | Malus Siversii |
| Алмурут | Груша обыкновенная | Pyrus communis |
| Алча | Алыча согдийская | Prunus sogdiana |
| Алтыгана | Карагана киргизская | Caragana kirghisorum |
| Анар | Гранат обыкновенный | Punica granatum |
| Анжир | Инжир | Ficus carica |
| Аса-Муса | Абелия щитковидная | Abelia corumbosa |
| Бадал арча | Можжевельник сибирский | Juniperus sibirica |
| Жапалак арча | Можжевельник казацкий | Juniperus sabina |
| Кара арча | Можжевельник зеравшанский | Juniperus serawschanica |
| Карагай арча | Можжевельник туркестанский | Juniperus turkestanica |
| Өрүк арча | Можжевельник полушаровидный | Juniperus semiglobosa |
| Бадам | Миндаль обыкновенный | Amygdalus communis |
| Боз караган | Курчавка грушелистная | Atraphaxis purifolia |
| Боз кемпир | Софора Королькова | Cophora korolkovii |
| Бүлдүркөн | Ежевика сизая | Rubus caesius |
| Дан куурай | Малина обыкновенная | Rubus idaeus |
| Кызыл долоно | Боярышник туркестанский | Crataegus turkestanica |
| Сары долоно | Боярышник алтайский | Crataegus altaica |
| Айван сары | Боярышник понтийский | Crataegus pontica |
| Жаңгак | Орех грецкий | Juglans regia |
| Жевелге | Ломонос восточный | Clematis orientalis |

| Кыргызча | Орусча | Латынча |
|---|---|---|
| Жийде | Лох узколистный | Elaeagnus angustiolia |
| Жүзүм | Виноград узунахматский | Vitis usunachmatica |
| Ит мурун | Роза Альберта | Rosa Albertii |
| Кайың | Берёза тяньшаньская | Betula tianschanica |
| Кара жыгач | Карагач туркестанская | Ulmus pinnato-ramosa |
| Кара март | Экзохорда тяньшаньская | Exochorda tianschanica |
| Ак карагай | Пихта Семёнова | Abies semenovii |
| Сары карагай | Ель тяньшаньская | Picea tianchanica |
| Чыны карагат | Смородина Мейера | Ribes meyeri |
| Бөрү карагат | Барбарис продолговатый | Berberis oblonga |
| Аюу карагат | Бересклет Семенова | Euonimus semenovii |
| Катың жаңгак | Афлатуния вязолистная | Aflatunia ulmifolia |
| Катыраңкы | Каркас кавказский | Celtis caucasica |
| Коңорчок | Чингил серебристый | Halimodendron haladenrdon |
| Боз коңорчок | Нитрарий сибирский | Hitraria sibirica |
| Мисте | Фисташка настоящая | Pistacia vera |
| Моюл | Крушина ломкая | Frangula alnus |
| Табылгы | Спирея зверобоелистная | Spiraea hypericifolia |
| Ак тал | Ива белая | Salix alba |
| Мажурум тал | Ива плакучая | Salix babylonica |
| Ыргай тал | Ива голубая | Salix coerulea |
| Эчки тал | Ива илийская | Salix iliensis |
| Ак терек | Тополь белый | Populus alba |
| Көк терек | Тополь Болле | Populus bolleana |
| Мырза терек | Тополь пирамидальный | Populus puramidalis |
| Талас тереги | Тополь таласский | Populus talasica |
| Шаа тыт | Шелковица черная | Morus nigra |

| Кыргызча | Орусча | Латынча |
|---|---|---|
| Өрүк | Абрикос обыкновенный | Armeniaca vulgaris |
| Кадимки четин | Рябина тяньшаньская | Sorbus tianschanica |
| Алма четин | Рябина персидская | Sorbus persica |
| Чие | Вишня тяньшаньская | Cerasus tianschanica |
| Чынар | Платан восточный | Platanus orientalis |
| Чычырканак | Облепиха крушиновая | Hippophae rhamoides |
| Шилби | Жимолость Карелина | Lonicera Karelinii |
| Ыргай | Кизильник черноплодный | Cotoneaster melanocarpa |

## МАЗМУНУ


Кириш сөз . . . . . . 3
Карагай черлерди аралап. . 3
Ак карагай . . . . . . 5
Арчалуу токойлор . . . 6
Жапайы жемиш багы . . 8
Жаңгак . . . . . . . 9
Алма . . . . . . . 11
Алча . . . . . . . 12
Алмурут . . . . . . 12
Өрүк . . . . . . . 13
Мисте менен бадам . . . 14
Анарлуу кокту — Разан-Сай . 16
Долоно . . . . . . . 18
Катыраңкы . . . . . . 19
Катын жаңгак . . . . 19
Ак чечек . . . . . . 20
Моюл . . . . . . . 20
Аса-Муса . . . . . . 21
Таң калаарлык жалбырак . 22
Токой бадалдары . . . 22
Ит мурун . . . . . . 23
Жевелге . . . . . . 23
Ыргай . . . . . . . 23
Шилби . . . . . . . 24
Табылгы . . . . . . 24
Жемиштүү бадалдар . . . 24
Карагат . . . . . . . 24
Дан куурай . . . . . . 25
Чие . . . . . . . . 26
Какырдын бадалдары . . 26
Алтыгана . . . . . . 26
Коңорчок . . . . . . 26
Терек менен талдар . . . 27
Терек . . . . . . . 27
Тал . . . . . . . . 28
Кайың . . . . . . . 28
Чынар . . . . . . . 29
Кара жыгач . . . . . . 29
Жийде . . . . . . . 30
Баркы билинген тикендүү бадал . . . . . . 30

**Кенжебай Ахматов**

**ЛЕС И ЗДОРОВЬЕ ЧЕЛОВЕКА**

Научно-популярные рассказы

*На киргизском языке*

Фрунзе, издательство «Мектеп»

Редактор *И. Жангазиев*
Художник *В. Максимов*
Көркөм редактор *А. Ерошенко*
Тех. редактор *Л. Лазарева*
Корректор *Ш. Мендешева*

ИБ — 761

Терүүгө 11/IV 1978 ж. берилди. Басууга 3/XI 1978 ж. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 60×90 1/16, 2,25 физ. басма табак +0,25 вкл. 2,25 шарттуу басма табак, +0,25 вкл. 3,0 учеттук басма табак +0,25 вкл. Д — 02555. Заказ № 290. Тиражы 3500 Баасы 20 т.

720002, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170, «Мектеп» басмасы.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102. Кыргыз ССРинин басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.



Баасы 20 т.

